**Кыргыз билим берүү академиясынын вице-президенти, профессор С.О.Байгазиевдин «Манас менен Каныкей – мекенчилдиктин идеалы жана рухий сулуулуктун улуу өрнөгү» аттуу жаңы китеби жарык көрдү.**

Советбек Байгазиевдин бул эмгегинде «Манас» эпосунан алынган кеңири жана бай мисалдардын негизинде айкөл Манас атанын жана калк энеси Каныкей Ата журтка, ак калпак кыргыз элине кылган улуу кызматы, улуттук маяк катары асыл өрнөктөрү, алардын образдарынын жалпы адамзаттык бийиктиги, универсалдык мааниси, океандай дастандын бул эки борбордук каармандарынын руханий, адептик-ыймандык жана патриоттук сабактары, тарбиялык маңызы кең масштабда каралып, аналитикалык талдоолор аркылуу бай тил жатык стил менен ынанымдуу жана терең ачылып берилет.

Китеп жалпы калайык-калк, жогорку окуу жайынын мударисттерине, мектеп мугалимдерине тарбиячыларга, студент жаштарга, жогорку класстын окуучуларына арналат.

